# Сагынам

Сөзү: Какен Алмазбеков

Обону:  Бейшеке Жандаров

Айылдын ары жагынан,

Алмалуу колхоз багынан,

Кеч курун иштеп тең кайтып,

Келаткан күндү сагынам.

Алыстап суунун шарынан

Айтылып сырлар абыдан,

Ар дайым бирге болууга,

Антташкан күндү сагынам.

Жаштыктын ошол чагынан,

Тең татып өмүр балынан.

Колунан кызыл гүл алып,

Коштошкон күндү сагынам.

Сагынам жаным сагынам,

Алыссың кантем жанымда.

Сүйгөнүн эстеп сагынуу,

Эң кыйын экен баарынан.